| | |
|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ**<br>**КАРА-КӨЛ ШААР**<br>**АЙМАГЫНЫН КАРА-КӨЛ**<br>**ШААРДЫК КЕНЕШИ** | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br>**ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ**<br>**КАРА-КУЛЬСКИЙ ГОРОДСКОЙ**<br>**КЕНЕШ КАРА-КУЛЬСКОГО**<br>**ГОРОДСКОГО АЙМАКА** |

***ТОКТОМ*** ***ПОСТАНОВЛЕНИЕ***

**11.12.2024-ж. №05/9-2** **Кара-Көл шаары**

**Дем берүүчү (үлүштүк) гранттардын эсебинен долбоорлорду тандоо боюнча комиссиянын курамын бекитүү жөнүндө**

Кара-Көл шаарынын мэринин орун басары Э.С.Тажимырзаевдин “Дем берүүчү (үлүштүк) гранттардын эсебинен долбоорлорду тандоо боюнча комиссиянын курамын бекитүү” жөнүндө сунушун жана шаардык кеңештин бюджет, экономика жана финансы маселелери, инвестиция боюнча туруктуу комиссиясынын төрайымы Т.А.Мамыткановanын билдирүүсүн угуп жана талкуулап чыгып, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 21-апрелиндеги №230 токтому менен бекитилген “Дем берүүчү (үлүштүк) гранттардын эсебинен долбоорлорду тандоо жана каржылоо жөнүндө “ жобонун талаптарын жетекчиликке алып, Кара-Көл шаардык кеңешинин 9-чакырылыштагы депутаттарынын кезексиз II сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Дем берүүчү (үлүштүк) гранттардын эсебинен долбоорлорду тандоо боюнча комиссиянын курамы тиркемеге ылайык бекитилсин. (тиркеме тиркелет)
2. Кара-Көл шаардык кеңешинин 25.11.2022-ж. №96/20-8 сандуу токтому жокко чыгарылсын.
3. Бул токтомдун аткарылышын камсыз кылуу мэрдин орун басары (Э.С.Тажимырзаев), ал эми көзөмөлдөө жагы шаардык кеңештин бюджет, экономика жана финансы маселелери, инвестиция боюнча туруктуу комиссиясына (Мамытканова Т.А.) жүктөлсүн.

**Төрага** **Ч.А. Кимсанов**

Тиркеме
Кара-Көл шаардык кеңешинин
11.12.2024-ж. кезексиз II
сессиясынын №05/9-2 сандуу
токтому менен бекитилди

**Дем берүүчү ( үлүштүк) гранттардын эсебинен долбоорлорду тандоо боюнча комиссиянын курамы**

1) Нурматова К.И.- шаардык кеңештин жооптуу катчысы, комиссиянын төрайымы;
2) Сагыналиева Г.Р.-Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Кара-Көл финансы башкармалыгынын башкы адиси, комиссиянын катчысы;

**Комиссия мүчөлөрү:**

3) Сатыбалдиев У.К.-Кыргыз Республикасынын Жалал-Абад облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн аппаратынын экономика жана регионду комплекстүү өнүктүрүү бөлүмүнүн жетектөөчү адиси;
4) Абытканова Р.- Кара-Көл шаардык аялдар кеңешинин төрайымы;
5) Бокоев У.Ш.-Кара-Көл шааркурулушу жана архитектура боюнча башкармалыгынын башчысы;
6) Көлбаев К.К.- Кара-Көл шаардык аксакалдар кеңешинин төрагасы;
7) Анашов С.- Кара-Көл шаардык аксакалдар сотунун төрагасы;
8) Мусуралиева Г.К.- Кара-Көл шаардык бюджеттик, муниципалдык мекемелердин профсоюз уюмдарынын шаардык комитетинин төрайымы;
9) Шакиров Б.- жаштар иштери боюнча консультативдик кеңештин мүчөсү.

**Жооптуу катчы** **К.И. Нурматова**

| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ<br>КАРА-КӨЛ ШААР<br>АЙМАГЫНЫН КАРА-КӨЛ<br>ШААРДЫК КЕНЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>КАРА-КУЛЬСКИЙ ГОРОДСКОЙ<br>КЕНЕШ КАРА-КУЛЬСКОГО<br>ГОРОДСКОГО АЙМАКА** |

***ТОКТОМ*** ***ПОСТАНОВЛЕНИЕ***

**11.12.2024-ж. №06/9-2** **Кара-Көл шаары**

**Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги тарабынан республикалык бюджеттен берилүүчү дем берүүчү (үлүштүк) гранттар боюнча долбоорлорго жергиликтүү бюджеттен бөлүнүүчү үлүш каражатын бекитүү жөнүндө**

"Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 34-беренесинин 2-бөлүгүнүн 17-бөлүкчөсүн, 27-беренесинин 1-бөлүгүнүн 1-бөлүкчөсүн, 45-беренесинин 1-бөлүгүнүн 4-бөлүкчөсүн жетекчиликке алып, Кара-Көл шаарынын мэринин орун басары Э.С.Тажимырзаевдин дем берүүчү (үлүштүк) гранттардын 2025-жылга даярдалган долбоорлорго жергиликтүү бюджеттен бөлүнүүчү үлүш каражаттарды бекитип берүү боюнча кайрылуу катын, шаардык кеңештин бюджет, экономика жана финансы маселелери, инвестиция боюнча туруктуу комиссиясынын төрайымы Т.А.Мамыткановanyн маалыматын угуп жана талкуулап чыгып, Кара-Көл шаардык кеңешинин 9-чакырылыштагы депутаттарынын кезексиз II сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Кара-Көл шаардык мэриясы тарабынан 2025-жылга сунушталган дем берүүчү (үлүштүк) гранттар боюнча долбоорлор тиркемеге ылайык жактырылып бекитилсин. (тиркеме тиркелет)

2. Кара-Көл шаардык мэриясы тарабынан 2025-жылга даярдалган дем берүүчү (үлүштүк) гранттардын долбоорлоруна жергиликтүү бюджеттин эсебинен үлүштүк каражаттар 2025-жылга шаардык бюджеттен **20 806,4 миң сомго** бекитилсин.

3. Бул токтомдун аткарылышын камсыз кылуу шаардык мэрияга (Орозбаев Н.О.), Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Кара-Көл финансы башкармалыгына (Осмонкулов Ж.Т.), ал эми көзөмөлдөө шаардык кеңештин бюджет, экономика жана финансы маселелери, инвестиция боюнча туруктуу комиссиясына (Мамытканова Т.А.) жүктөлсүн.

**Төрага** **Ч.А.Кимсанов**

**Кара-Көл шаардык кеңешинин**
**2024-жылдын 11-декабрындагы**
**II сессиясынын № 06/9-2**
**сандуу токтомуна тиркеме**

**Кара-Көл шаарынын 2025-жылга шаардык бюджеттен (дем берүүчү) үлүштүк гранттардын эсебинен каржылануучу долбоорлорго жергиликтүү бюджеттен бөлүнүүчү каражаттын**

**РЕЕСТРИ**

| № | Долбоорлордун аталышы | Жалпы суммасы (миң сом) | Жергиликтүү бюджеттен үлүш (миң сом) | үлүштүк (дем берүүчү) гранттардын эсебинен |
|---|---|---|---|---|
| **1** | Кара-Көл шаардык Б.Рысбеков атындагы жалпы дарыгерлер практикалоо борборунун ҮДТ №2, №3 жайгашкан 2 кабат имаратын ремонттон өткөрүү | **9 983,6** | **4 991,8** | **4 991,8** |
| **2** | Социалдык объектилерге баруучу ички жолдорду асфальттоо | **9 842, 3** | **4 921,2** | **4 921, 2** |
| **3** | Негизги жолдорго тротуар куруу | **9 941,3** | **4 970,6** | **4970,6** |
| **4** | “Кайынды” балдар эс алуучу борборунун административдик корпусун капиталдык ремонттон өткөрүү | **5 468, 5** | **2734,2** | **2734,2** |
| **5** | “Келечек” МЧББУнун жылуулук системасын алмаштыруу | **3 997, 3** | **799,5** | **3197,8** |
| **6** | “Баластан” МЧББУнун жылуулук системасын алмаштыруу | **3 587, 4** | **717,5** | **2 869,9** |
| **7** | Кетмен-Төбө айылында Коомдук алдын алуу борборунун имаратын ремонтоо | **4900,3** | **980,1** | **3920,3** |
| **8** | Мэриянын имаратынын жылуулук системасын алмаштыруу | **3457,7** | **691,5** | **2766,2** |
| | **Баардыгы** | **51178,4** | **20806,4** | **30372,0** |

**Жооптуу катчы** **К.И.Нурматова**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ**
**КАРА-КӨЛ ШААР**
**АЙМАГЫНЫН КАРА-КӨЛ**
**ШААРДЫК КЕНЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**КАРА-КУЛЬСКИЙ ГОРОДСКОЙ**
**КЕНЕШ КАРА-КУЛЬСКОГО**
**ГОРОДСКОГО АЙМАКА**

***ТОКТОМ*** ***ПОСТАНОВЛЕНИЕ***

**11.12.2024-ж. № 07/9-2** **Кара-Көл шаары**

**Т.К. Кадыралиевге “Кара-Көл шаарынын ардактуу атуулу” наамын ыйгаруу жөнүндө**

Таалайбек Калчороевич Кадыралиевге “Кара-Көл шаарынын ардактуу атуулу” наамын ыйгаруу жөнүндө маселени угуп жана талкуулап чыгып, Кара-Көл шаардык кеңешинин мандат, регламент, этика, укуктук маселелери жана коомдук уюмдар, партиялар менен иштөө, идеология, дин иштери боюнча туруктуу комиссиясынын төрагасы Ш.А.Токтосуновдун билдирүүсүн, ошондой эле Т.К.Кадыралиевдин Кара-Көл шаарынын социалдык-экономикалык өнүгүүсүнө кошкон чоң салымын эске алып, Кара-Көл шаардык кеңешинин 9-чакырылыштагы депутаттарынын кезексиз II сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Таалайбек Калчороевич Кадыралиевге шаардын жогорку “ Кара-Көл шаарынын ардактуу атуулу” наамы ыйгарылсын.

2. Кара-Көл шаардык мэрия жана шаардык кеңеш биргеликте шаардын даталуу күндөрүндө Таалайбек Калчороевич Кадыралиевге “Кара-Көл шаарынын ардактуу атуулу” наамынын күбөлүгүн, грамотасын жана төш белгисин, “Кара-Көл шаарынын ардактуу атуулу жөнүндө “ жобонун 5-бөлүмүнүн 5- бөлүгүнө ылайык орточо көрсөткүчтүн 10 эсе өлчөмүндөгү (1000 сом) акчалай сыйлыкты салтанаттуу тапшырууну камсыз кылсын.

3. Бул токтомдун аткарылышын камсыз кылуу шаардык мэрияга (Н.О.Орозбаев), ал эми көзөмөлдөө жагы шаардык кеңештин мандат, регламент, этика, укуктук маселелери жана коомдук уюмдар, партиялар менен иштөө, идеология, дин иштер боюнча туруктуу комиссиясына ( Ш.А.Токтосунов) жүктөлсүн.

**Төрага** **Ч.А. Кимсанов**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ**
**КАРА-КӨЛ ШААР**
**АЙМАГЫНЫН КАРА-КӨЛ**
**ШААРДЫК КЕНЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**КАРА-КУЛЬСКИЙ ГОРОДСКОЙ**
**КЕНЕШ КАРА-КУЛЬСКОГО**
**ГОРОДСКОГО АЙМАКА**

***ТОКТОМ*** ***ПОСТАНОВЛЕНИЕ***

**11.12.2024-ж. № 08/9-2** **Кара-Көл шаары**

**К .Масировго “Кара-Көл шаарынын ардактуу атуулу” наамын ыйгаруу жөнүндө**

Кошбай Масировго **“**Кара-Көл шаарынын ардактуу атуулу” наамын ыйгаруу жөнүндө маселени угуп жана талкуулап чыгып, Кара-Көл шаардык кеңешинин мандат, регламент, этика, укуктук маселелери жана коомдук уюмдар, партиялар менен иштөө, идеология, дин иштери боюнча туруктуу комиссиясынын төрагасы Ш.А.Токтосуновдун билдирүүсүн, ошондой эле Кошбай Масировдун Кара-Көл шаарынын социалдык-экономикалык өнүгүүсүнө кошкон чоң салымын эске алып,
Кара-Көл шаардык кеңешинин 9-чакырылыштагы депутаттарынын кезексиз II сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Кошбай Масировго шаардын жогорку “Кара-Көл шаарынын ардактуу атуулу” наамы ыйгарылсын.

2. Кара-Көл шаардык мэрия жана шаардык кеңеш биргеликте шаардын даталуу күндөрүндө Кошбай Масировго **“**Кара-Көл шаарынын ардактуу атуулу” наамынын күбөлүгүн, грамотасын жана төш белгисин, “Кара-Көл шаарынын ардактуу атуулу жөнүндө “ жобонун 5-бөлүмүнүн 5- бөлүгүнө ылайык орточо көрсөткүчтүн 10 эсе өлчөмүндөгү (1000 сом) акчалай сыйлыкты салтанаттуу тапшырууну камсыз кылсын.

3. Бул токтомдун аткарылышын камсыз кылуу шаардык мэрияга (Н.О.Орозбаев), ал эми көзөмөлдөө жагы шаардык кеңештин мандат, регламент, этика, укуктук маселелери жана коомдук уюмдар, партиялар менен иштөө, идеология, дин иштер боюнча туруктуу комиссиясына
(Ш.А.Токтосунов) жүктөлсүн.

**Төрага** **Ч.А. Кимсанов**

| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ<br>КАРА-КӨЛ ШААР<br>АЙМАГЫНЫН КАРА-КӨЛ<br>ШААРДЫК КЕНЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>КАРА-КУЛЬСКИЙ ГОРОДСКОЙ<br>КЕНЕШ КАРА-КУЛЬСКОГО<br>ГОРОДСКОГО АЙМАКА |
|---|---|---|

***ТОКТОМ*** ***ПОСТАНОВЛЕНИЕ***

**11.12.2024-ж. № 09/9-2** **Кара-Көл шаары**

**Кара-Көл шаардык кеңешинин 05.03.2019-жылдагы № 143/26-7 сандуу токтому менен бекитилген № 5 тиркемесиндеги “Кара-Көл шаардык кеңештин сыйлыктарына сунуштоо жөнүндө өтүнүч каттарды кароо боюнча Кара-Көл шаардык кеңешинин комиссиясы жөнүндө” жобого өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө**

Кара-Көл шаардык кеңешинин 05.03.2019-жылдагы № 143/26-7 сандуу токтому менен бекитилген “ Кара-Көл шаардык кеңештин сыйлыктарына сунуштоо жөнүндө өтүнүч каттарды кароо боюнча Кара-Көл шаардык кеңешинин комиссиясы жөнүндө” жобого өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө шаардык кеңештин төрагасы Ч.А.Кимсановдун сунушун жана Кара-Көл шаардык кеңешинин мандат, регламент, этика, укуктук маселелери жана коомдук уюмдар, партиялар менен иштөө, идеология, дин иштери боюнча туруктуу комиссиясынын төрагасы Ш.А.Токтосуновдун билдирүүсүн угуп жана талкуулап чыгып, Кара-Көл шаардык кеңешинин 9-чакырылыштагы депутаттарынын кезексиз II сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

**1.** Кара-Көл шаардык кеңешинин 05.03.2019-жылдагы № 143/26-7 сандуу токтому менен бекитилген № 5 тиркемесиндеги “Кара-Көл шаардык кеңештин сыйлыктарына сунуштоо жөнүндө өтүнүч каттарды кароо боюнча Кара-Көл шаардык кеңешинин комиссиясы жөнүндө” жобого Кара-Көл шаардык кеңешинин 03.02.2023-жылдагы № 110/24-8 сандуу токтому менен киргизилген өзгөртүүлөр алынып салынсын.

**2.** “Кара-Көл шаардык кеңештин сыйлыктарына сунуштоо жөнүндө өтүнүч каттарды кароо боюнча Кара-Көл шаардык кеңешинин комиссиясы жөнүндө” жобонун 3 - бөлүгү баштапкы калыбына келтирилип, төмөндөгүдөй редакцияда берилсин:
“ 3. Комиссиянын курамына төмөнкүлөр киришет:
- комиссиянын төрагасы- Кара-Көл шаардык кеңешинин төрагасы;
- комиссиянын төрагасынын орун басары-Кара-Көл шаардык кеңешинин төрагасынын орун басары;
- комиссиянын катчысы- Кара-Көл шаардык кеңешинин жооптуу катчысы;
- комиссиянын мүчөлөрү- Кара-Көл шаардык кеңешинин туруктуу комиссияларынын өкүлдөрү.”

**3.** Бул токтомдун аткарылышын камсыз кылуу шаардык кеңештин төрагасына (Ч.А.Кимсанов), ал эми көзөмөлдөө жагы шаардык кеңештин мандат, регламент, этика, укуктук маселелери жана коомдук уюмдар, партиялар менен иштөө, идеология, дин иштер боюнча туруктуу комиссиясына (Ш.А.Токтосунов) жүктөлсүн.

**Төрага** **Ч.А. Кимсанов**

| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ<br>КАРА-КӨЛ ШААР<br>АЙМАГЫНЫН КАРА-КӨЛ<br>ШААРДЫК КЕНЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>КАРА-КУЛЬСКИЙ ГОРОДСКОЙ<br>КЕНЕШ КАРА-КУЛЬСКОГО<br>ГОРОДСКОГО АЙМАКА** |

***ТОКТОМ*** ***ПОСТАНОВЛЕНИЕ***

**11.12.2024-ж. №10/9-2** **Кара-Көл шаары**

**Мамлекеттин менчигинде турган Chevrolet Captiva маркасындагы автотранспортту муниципалдык менчикке кабыл алууга макулдук берүү жөнүндө**

“Мүлккө муниципалдык менчик жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 6-беренесине, “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 34, 39-беренелерине ылайык жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын материалдык-техникалык базасын чыңдоо максатында, Кара-Көл шаарынын мэрине берилген Chevrolet Captiva маркасындагы автотранспортту муниципалдык менчикке кабыл алууга макулдук берүү жөнүндө мэрдин орун басары Э.С.Тажимырзаевдин кайрылуусун угуп жана талкуулап чыгып, Кара-Көл шаардык кеңешинин 9-чакырылыштагы депутаттарынын кезексиз II сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Мамлекеттин менчигинде турган Chevrolet Captiva маркасындагы автотранспортту муниципалдык менчикке кабыл алууга жана шаардык мэриянын балансына отургузууга макулдук берилсин.

2. Кара-Көл шаарынын мэриясы ( Н.О.Орозбаев) бул токтомдон келип чыккан зарыл чараларды Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык белгиленген тартипте көрсүн.

3. Бул токтомдун аткарылышын камсыз кылуу шаардык мэрияга (Н.О.Орозбаев), ал эми көзөмөлгө алуу жагы шаардык кеңештин өндүрүш, курулуш, архитектура, турак жай, коммуналдык чарба, муниципалдык менчик жана жер маселелери боюнча туруктуу комиссиясына (Ж.С.Джуробаев ) жүктөлсүн.

**Төрага** **Ч.А. Кимсанов**